УДК 93(с54)

Муканбетова Р.Б.

*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

# 1916-ЖЫЛДАГЫ УЛУТТУК-БОШТОНДУК КӨТӨРҮЛҮШТҮН КЕЛИП ЧЫГЫШЫНЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА САЯСИЙ СЕБЕПТЕРИ

*Бул макалада автор 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн келип чыгышынын социалдык–экономикалык жана саясий себептерин кёрсёткён. Ёзгёчё, падышачылык Россиянын Түркстанда жщргщзгён орусташтыруу саясатынын кесепеттерине кеъири токтолгон.*

2016-жылы Кыргызстан улуттук-боштондук көтөрүлүштүн 100 жылдыгын белгилейт. Бул улуттук-боштондук күрөш - совет дооруна чейинки кыргыз элинин тарыхынын маанилүү окуяларынын бири. Эл массасы биринчи жолу Россия империясынын үстөмдүгүнө, «ак падышанын» буйругуна каршы ачык чыгышкан.

1916-жылкы улуттук–боштондук күрөштүн келип чыгышынын социалдык-экономикалык жана саясий себептерине көңүл бурсак. Биринчи себеби - падыша өкмөтү тарабынан жүргүзүлгөн чексиз эзүү жана колониялык кыйноо, талап-тоноо. 1916-жылы Туркестанды падышачылыктын басып алышына 50 жылдан ашкан. Ошондуктан 50 жылдык эзүү, Кыргызстандын эмгекчи массасынын саясий укуксуздугу бул эзүүгө каршы чыгууга алып келген. Экинчиден, элдин кыргыз бай- манаптары тарабынан аёосуз эзилиши. Үчүнчү себеби – империалисттик согуштун болушу. Көтөрүлүш империалисттик согуштун үчүнчү жылында башталган. 1914-ж. башталган дүйнөлүк биринчи согуш мезгилинде падышачылык Россия жана анын курамына кирген эзилген элдердин ортосундагы каршылыктар өзгөчө курчуган. Биринчи дүйнөлүк согуш Россия империясынын курамындагы колониялык эзүүгө дуушар болгон кыргыздар сыяктуу элдердин абалын абдан оорлоткон. Бул согуш мезгилинде кыргыздар төлөөчү салыктын түрлөрү 2 эсеге өсүп кеткен [1, 43-б.]. «1916-ж. 25-июнундагы падышанын Түркстандын элдеринен аскердик курактагы (19дан 43кө чейинки) эркектерди согуштук коргонуу жумуштарына алуу жөнүндөгү указы элдин чыдамын кетирген акыркы шылтоо гана болгон дейт» - тарыхчы Ж.Байдилдеев.

Эркектерди согуштук коргонуу жумуштарына алуу үчүн падышачылык өкмөт волостук башкаруучуларга, айылдык старшиналарга атайын тизме түзүүнү тапшырган. Төрөлгөндүгү тууралуу маалымат берүүчү документтери жоктордун жаш курагын жергиликтүү администрация аныктаган. Натыйжада, тизме түзүүчүлөр акча алуу менен жаштарды кары кылган жана тескерисинче карыларды жашарткан. Мисалы, 60 жаштагы адам тизме боюнча 30 жаштагы бала болуп катталган. Анткени ал 300 руб. төлөй алган эмес. Ал эми 25-30 жаштагы бала 50 жашта деп белгилеген. Себеби ал байдын баласы болгон [2, 62-б.]. Мындай фактылардын орун алышы жергиликтүү калктын наарazычылыгын ого бетер курчуткан.

Түркстанды орусташтыруу саясатты XXк. башында мурдагыдан да күч алган. Түркстанга Россиянын борбордук европалык бөлүгүнөн көчүрүү 1874-жылы, б.а., Түркстанды басып алгандан кийин бир канча жылдан кийин (Түркстанды 1864-ж. басып алган) башталган. Демек, 1874-жылдан 1916-жылга чейин Түркстанга 5000 ашык чарба же өз алдынча келгиндердин74 айылдары уюшулган. 1916-ж. Түркстандагы жалпы калктын 6 пайызын түзгөн орустарга айдоо үчүн жарамдуу жердин 57,7 пайызы берилген. Ал эми калктын 94 пайызын түзгөн жергиликтүү эл айдоого жарамдуу жердин 42,4 пайызына гана ээ болгон, б.а., Түркстанда орточо эсеп менен алганда, жергиликтүү калк 15 эсеге аз жерге ээ болгон [2, 37-б.].

Ал эми Жети-Суу областына кирген Кыргызстанды карасак, жер мамилелери боюнча колонизация процесси күчтүүрөөк жүргөн. 1915-жылы орус келгиндердин поселоктору Жети-Суу областында 600 жеткен. 1916-жылы орустар жана украиндер Пржевальск уездинин 24 пайызын түзүү менен, бардык айдоо жеринин 67 пайыздан көбүнө ээ болушкан. Ушундай эле абал Пишпек уездинде орун алган.

Манаптар айылдык общинага тиешелүү жерлерди келгиндерге арендага берүү менен, жөнөкөй кыргыздарга карата материалдык жана моралдык чыгымдарды алып келген. Мындай жерлерди арендага берүү тез-тез болуп турган. Арендага берүүдөн түшкөн акчаны манаптар өздөрү гана пайдаланышкан. Общиналык жерлерди арендага берүү жергиликтүү феодалдык төбөлдөрдүн байышынын маанилүү булагынын бири болуп калган.

Негизгиси, келгиндерге эң жакшы жана ыңгайлуу жерлер туш келген. Мындай күчтүү жер колонизациясынын негизги максаты борбордук Россиядагы дыйкандардын агрардык кыймылын жөнгө салуу болгон. Анткени Россиянын борбордук бөлүгүндө дыйкандардын жерлерин помещиктер тартып алуу менен, жер ээлөөнүн помещиктик формасы дыйкандарды кыскан. Натыйжада, дыйкандардын наразычылыктары өсүп, бир канча көтөрүлүштөргө алып келген. Ошондой эле Түркстан аймагынын бай жаратылыш байлыктарын, пахта ж.б. техникалык өсүмдүктөрдү сырьелук база катары пайдалануу максаты болгон.

Орус дыйкандарын борбордук бөлүктөн көчүрүү иштерине 1896-1916-жж. эле 237 млн 310 миң 236 рубль жумшалган [4, 164-б.]. Келгин дыйкандар суунун башын ээлеп алышып, кыргыздарга суу бербей, аларды жерлерин таштап кетүүгө аргасыз кылышкан.

Демек, жергиликтүү калкты колонизациялоо, эзүүнүн күч алышы, көчүп келгендердин кыргыздардын жакшы жерлерин тартып алуулары кыргыздарга карата мамиленин начар болгонун айгинелейт. Бирок жалаң эле кыргыздар жапа чеккен деп бир беткей тыянак чыгаруу туура эмес. Мисалы, көтөрүлүш убагында Пишпек жана Пржевльск уезддеринде 94 келгиндердин поселогу талкаланган. Бул талкалоолор уруп-сабоо, зордук көрсөтүү менен коштолгон. Кээ бир келгиндер жакырдануу менен, айласыздан өзүнүн мекенине кайра кетүүгө аргасыз болушкан. Мисалы, 1913-жылы 512 үй–бүлө Пишпек уездинен Россияга кайткан. Бирок дайыма эле бардыгы түгөл өз жерине жете алышкан эмес. Алардын кээ бирлери жолдон өлгөн фактылар да белгилщщ [2, 28-б.].

Ошондой эле кээ бир документтерде жана 1916-жылкы көтөрүлүштүн катышуучуларынын эскерүүлөрүнө караганда, кээ бир кыргыздар келгиндерди боло туруучу кокустуктарды алдын-ала айтып эскертүү менен, алардын аялдарын, балдарын жашыруу менен орустарга жардам кылышкан. Ал эми орустар болсо өз керт башынын коркунучуна карабастан, кыргыз үй-бүлөлөрүн сактап калууга жардам кылган фактылар да кездешет.

Падышачылык бийлик жергиликтүү элдин каршылыгын алдын алып, Түркстандагы куралдуу күчтөрдөн тышкары келгин дыйкандарды да куралдандыра баштаган. 1916-ж. көтөрүлүштүн алдында Жети-Суу областындагы келгин дыйкандардын 43 пайызы куралданган. Демек, курал алып жүрүүгө жараган келгиндер толук куралданган.

Падышанын жогорудагы буйругу боюнча Түркстандын Сыр-Дарыя областы 60 миң, Самарканд областы 32,5, Фергана областы 51,3, Жети-Суу областы 43 миң кишини жөнөтүүгө милдеттендирилген [3, 9-б.]. Бирок пахта өндүрүүчү областтардан алынуучу (40.000) адамдын саны көчмөн райондордогу адамдардын саны менен толукталган. Ошондуктан көтөрүлүш көчмөнчүлүк райондорунда курч мүнөздөөткөн. Мурдатан эле колониялык эзүүнүн запкысы жанга баткан эл эми колго курал алып, ачыктан-ачык боштондук күрөшкө көтөрүлүүгө аргасыз болгон.

Көтөрүлүш 1916-ж. 4-июлда Самарканд областынын Кожент шаарында башталып, тез арада Сыр-Дарыя, Фергана областтарына тараган [4, 164-б.]. Фергана областындагы июль айындагы көтөрүлүшкө кыргыздар активдүү катышкан. Анжиян уездинин калкы чечкиндүү

аракеттер менен падышанын указын аткаруудан ачык эле баш тартышып, атайын түзүлгөн тизмелерди жок кылышкан. Бийлик өкүлдөрүнө, падыша чиновниктерине кол салышкан. Көтөрүлүшкө Кокон, Наманган уезддериндеги тоолук кыргыздар да активдүү катышышкан.

Кыргызстандын түндүгүндөгү көтөрүлүш Түркстандын башка чөлкөмдөрүндөгү толкундоолордон айырмаланып, өтө курч мүнөздө болгон. Бул жакта элдик кыймыл мыкты куралданган падыша аскерлери менен куралдуу кагылышуу деңгээлинде өткөн. Көтөрүлүшкө кыргыз эли менен катар бул аймакта жашаган башка элдердин көпчүлүгү, казактар, уйгурлар, дунгандар ж. б. катышкан.

Жети-Суу областынын ар кыл элинин өкүлдөрү катышкан алгачкы жыйын 10-июлда Каркыра жарманкесине жакын Каман-Карагай деген жерде өтөт. Кеңешмеде аскерге киши бербөө, керек болсо колго курал алып, падыша бийлигине каршы күрөшүү жөнүндө чечим кабыл алынган.

Көтөрүлүш июль айында башталып, августта күч алган. Көл кылаасындагы көтөрүлүш да өтө курч мүнөздөөткөндүгү менен айырмаланган. Бул жактагы көтөрүлүш 5-августта башталып, 10-августта бүткүл Ысык-Көл ойдуңун, Каркыраны кучагына алат. Каркырадагы көтөрүлүштө кыргыздар, казактар, уйгурлар жана дунгандар ал жактагы 500дөн ашуун дүкөнчөлөрдү талкалашкан. Бул Каркыра жарманкеси өз учурунда ири соода борбор болуу менен, 1916-жылы өзүнүн өкүм сүрүүсүн токтоткон. 11-августта кыргыздар менен дунгандар биргелешип Караколго чабуул коюшкан. 13-14-августта көтөрүлүшкө Челпек, Бөрүбаш айылдарындагы сарт-калмактар да активдүү катышышкан.

Көтөрүлүш башталары менен эле анын Түркстанга жайылышынан корккон падыша өкмөтү согушуп жаткан армиядан генерал **А. Н. Куропаткинди** чакыртып, аны Түркстандын **генерал-губернаторлугуна** дайындаган [4, 166-б.]. 1916-ж. 17-июлунда Түркстанда согуштук абал жарыяланып, согуш министринин буйругу менен Түркстанга 11 батальон, 3,3 миң казак-орус жөнөтүлгөн. Алар 42 замбирек, 69 пулемет менен куралданган.

Падыша өкмөтү Сыр-Дарыя, Самарканд, Фергана областтарындагы көтөрүлүштөрдү июль айынын аягында басып коюуга жетишкен. Жети-Суу областы жогорку областтардан келгин дыйкандардын көптүгү, ошого жараша жергиликтүү элдин келгиндер тарабынан көбүрөөк кордук көрүп, жер-суу маселесинин өтө курчуп кеткендиги менен өзгөчөлөнүп турган. Жети-Сууда көтөрүлүш башка областтардагы козголоңдор басылып калганда башталгандыктан, орус төбөлдөрү Түркстандагы куралдуу күчтөрдүн баарын аталган областтагы көтөрүлүштү басууга жумшаган. Жалпысынан алганда, Жети-Суудагы көтөрүлүштү басуу үчүн Түркстан генерал-губернаторлугунун аймагынан күчтүү куралданган 6530 аскер келген, алардын 1105 атчан аскерлер болгон. Кийинчерээк согуш министринин буйругу менен дүйнөлүк биринчи согушта согушуп жаткан аскерлерден 2 орус-казак полку, 240 атчан чалгынчылар, 16 замбирек жана 47 пулемет кошумча жөнөтүлгөн. Мындан тышкары, келгин дыйкандардын 43 пайызы буга чейин эле куралдандырылганын айтканбыз.

1916-ж. 15-августунда Жети-Суу областынын аскер-губернатору **М.А.Фильбаум** орус дыйкандарынан көтөрүлүшчүлөрдү басуу үчүн атчан жана жөө кошуундарды түзүү жөнүндө көрсөтмө берген. Түркстандын генерал-губернатору А.Н.Куропаткин көтөрүлүшчүлөрдү жазалоону женилдетүү үчүн 1916-ж. 12-августунда убактылуу аскер талаа сотторун түзүүгө буйрук берген.

Айры, чалгы, найза, кылыч, союл, барданке, бараң, бир аз мылтык менен куралданып, чаржайыт көтөрүлгөн элди басып коюш падыша аскерлери үчүн анчалык кыйынчылыкка турган эмес. Кыргызстандын ар кайсы чөлкөмүндө чыккан көтөрүлүштөрдү мыкты куралданып, согуш тактикасына үйрөнгөн казак-орустар өтө канкордук менен жазалап, кыйратып турган. Августтун аягында Пржевальскиден анча алыс эмес жерде көтөрүлүшчүлөр менен жазалоочулардын ортосунда акыркы ири салгылашуу болгон. 21-

августта бул жерде 4 миндей көтөрүлүшчү он, сол канат болуп душманга бир нече ирет чабуул коюшкан. Ал эми 28-августта Түптөгү салгылашууга 7 миңдей ашуун көтөрүлүшчүлөр катышкан. Сентябрь айында падыша аскерлери менен майда кагылышуулар гана болбосо, көтөрүлүш, негизинен, жеңилген [4, 167-б.].

Падыша өкмөтү көтөрүлүшчүлөрдү аёосуз басууга, жергиликтүү элди кырып-жоюп, мал-мүлкүн тоноп, айылдарын өрттөөгө көрсөтмө берген. Келгин дыйкандарга көтөрүлүштүн натыйжасындагы чыгымдарын көтөрүлүшчүлөрдүн мал-мүлкү аркылуу толуктап алууга уруксат берген. Ал эми аскер-талаа соттору көтөрүлүшкө катышкандарды атууга өкүм чыгарышып, ошо замат өкүмдү аткарып турган.

Жазалоочу отряд жана аларга жардам берген келгин дыйкандар көтөрүлүшчүлөрдү гана эмес, көтөрүлүшкө катышпаган тынч элди, кары-картан, жаш балдарды, аялдарды кыргынга учураткан. Мисалы, Беловодскидеги 500дөн ашуун кыргыздарды көтөрүлүшкө катыштыңар деп сарайга камашып, эртеси баарын мыкаачылык менен өлтүрүшкөн. Ушундай эле окуя Ысык-Көлдүн башындагы Теплоключенка айылында болуп, 500дөй киши өлтүрүлүп, 100дөн ашык адамдын өлүгү Ак-Суу суусуна ыргытылган. Пржевальск шаарындагы жергиликтүү 700 дунгандан 6 гана киши тирүү калган.

Тукум курут болуп кырылып калуудан чочулаган кыргыздар сентябрдын аягынан баштап, өз жерин таштап, баш маана издеп Кытайды көздөй качышкан. Жан далбаса кылып колуна тийген буюмдарын, талануудан калган малын айдап, азып-тозуп качкан кыргыздарды жазалоочу отряд менен келгин дыйкандардын кошуундары аркасынан кууп, жеткен жерден кырып, мал-мүлкүн талап жүрүп отурушкан. Үркүн кыш мезгилине туура келгендиктен, далай адамдар ак кар, көк муз баскан белдерден өтө албай кыргынга учураган [6, 130, 132-бб.].

Жазалоочу отряддардан Чүй жана Ысык-Көл өрөөнүнүн элдери өзгөчө көп жапа чеккен. Ушул кыйын кезеңде элин кыргындан сактап калуу үчүн болгон мүмкүнчүлүктөрдү жасаган элдик азаматтар болгон. Алсак, Чүй өрөөнүнөн чыккан болуш Дүр Сооронбай уулу, ысык-көлдүк белгилүү инсан Кыдыр аке, Суусамыр өрөөнүнөн Түркмөн болуш падыша бийлигинин өкүлдөрү менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, өздөрүнө караштуу 400-500 түтүн элдерин Кытайга качырбай кармашып, жазалоодон, азап-тозоктон куткарып калышкан [4, 168-б].

Бирок кыргыз элинин көпчүлүгү жазалоочу аскерлеринин кыргынынан кутула алган эмес. Өлгөндөн аман калгандар Кытай жергесине баш калкалаган. 1916-жылкы көтөрүлүштү изилдеген окумуштуу К.Усенбаев алдын ала такталган маалыматтар боюнча 4 миңге жакын кыз-келиндер кытайдын оокаттуу адамдарына сатылгандыгын белгилеген [5, 242-б.]. Кытайлык маалыматтар боюнча Жети-Суу областынан эле Кытайга 332 миң адам качып барган. 1916-ж. көтөрүлүштө 200 миңге жакын кыргыздар өлүп, Түндүк Кыргызстандын калкы 41,4 процентке азайган [4, 167-б.]. Бул аз келгенсип, падыша өкмөтү 1916-ж. октябрда Чүй өрөөнүндө жана Ысык-Көлдө калган кыргыздарды толук бойдон Тянь-Шанга көчүрүү жөнүндө чечим кабыл алган.

1916-ж. көтөрүлүш Кыргызстандагы ири улуттук-боштондук кыймыл болуу менен, кыргыз элинин коомдук-саясий турмушундагы эң маанилүү окуялардын бири болгон. Көтөрүлүшкө кыргыздардан тышкары жергиликтүү элдердин өкүлдөрү да катышкан. Көтөрүлүш падышачылык жеке бийликке катуу сокку урган жана Түркстан аймагындагы колониялык бийликти кыйла бошоңдоткон. Эл эркиндик үчүн күрөштүн болуп көрбөгөндөй тажрыйбасына ээ болушкан. Кыргыз элинин эркиндикти, теңдикти эңсеген бул күрөшү Кыргызстандын тарыхынын маанилүү барактарынын бири болуп саналат.

Адабияттар:

1. Байдилдеев Ж. Үркүн үнү. Султан Далбай уулу. - Бишкек, 2015.

2. Усенбаев К. 1916: героические и трагические страницы. - Бишкек, 1997.
3. Восстание киргизов и казахов в 1916 году.
4. Осмонов Ж. История Кыргызстана.- Бишкек, 2004.
5. Усенбаев К. Восстание 1916 года в Киргизии. - Фрунзе, 1967.
6. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. 2-китеп. - Б., 1993.